Юстиция

# БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 11 ОТУРУМУНУН

# Т О К Т О М У

2022-жылдын 28-сентябры №11/5 Кайнама айылы

Будалык айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 2022-жылдын 3-кварталына бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизүү жөнүндө.

Бюджеттик комиссиянын талкуусун угуп, Будалык айылдык округунун айылдык Кенешинин 7-чакырылышынын кезектеги 11-отуруму **токтом кылат :**

1.”Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин” 115-беренесине ылайык, Будалык айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2022-жылдын 3-кварталына бекитилген сметасындагы салыктын кээ бир түрлөрүнүн планына өзгөртүү киргизип жана тактоо жагы каралсын.

| **К/н** | **Берененин аталышы** | **берене** | **3- квартал** | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **көбөйтүү** | **азайтуу** |
| 1 | Салык агенти төлөөчү киреше салыгы | 11111100 | 200,0 | |
| 2 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321200 | | 15,7 |
| 3 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | 14232400 | 120,0 | |
| | **Баардыгы** | | **320,0** | **15,7** |

2. Будалык айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген сметасынын төмөндөгү беренелеринин такталган планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| **К/н** | | **Чыгашанын түрү** | **берене** | **3- квартал** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **көбөйтүү** | **азайтуу** |
| 1 | Эконом маселелер | Имараттар жана курулмалар | 3111 | 184,3 | |
| 2 | Бала бакча | Тамак аш азыктарын алуу | 2218 | 120,0 | |
| | | **баардыгы** | | **304,3** | |

3. Жогорудагы акча каражатын 2022-жылдын 3-кварталына бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.
4. Бюджетте каралган акча каражатын смета боюнча максаттуу жана мыйзам чегинде жумшалышын камсыздоо жагы айыл өкмөт башчысы К.Мусабаевге жана Финансы экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу А.Осмоновго милдеттендирилсин

**Будалык айылдык Кенешинин төрагасы** **Арапбай у Улан**